Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
17-октябры

№79 (3735)

www.erkin-too.kg

**Каракол шаарынын мэри Каныбек Адиев:**

## “Каракол эл суктанар туристтик шаарга айланат”



24-БЕТТЕ

БУЛ САНДА:



### АШЫМ ЖАКЫПБЕКОВДУН АРМАНЫ

4-5-БЕТТЕРДЕ



АЙНУРУ АЛТЫБАЕВА:

### “ШАЙЛООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ – 3 МАНДАТТЫН БИРӨӨСҮ АЯЛ КИШИГЕ БЕРИЛЕТ”

6-БЕТТЕ



ЭРНИС МАМЫРКУЛОВ:

### “КУРУЛУШ ТАРМАГЫ ӨНҮКСӨ, ЭКОНОМИКА ӨНҮГӨТ”

16-БЕТТЕ

## Түтүндү тазалоо системасы ишке кирди



Бишкек шаарындагы ЖЭБде атмосферага бөлүнгөн күкүрт диоксидин (SO) кыйла азайтууга багытталган заманбап экологиялык жабдуу – күкүрт тазалоо системасы ишке киргизилди. Бул тууралуу мэриядан билдиришти.

Маалыматка караганда, модернизацияланган энергия блокторундагы күкүрт тазалоо жабдуусу 2019-жылга чейин Кытайдын ТВЕА компаниясынын адистеринин көзөмөлүндө иштеп келген.

Кийинчерээк квалификациялуу кадрлардын жетишсиздигинен жана гипс камтыган шламды сатып алуучулардын жоктугунан улам система токтотулган. Учурда шламды кайра иштетүү технологиялары өнүгүп, шаардагы экологиялык абалды жакшыртуу чараларынын алкагында бул система кайрадан ишке киргизилди.

Муниципалитеттен белгилешкендей, бүгүнкү күндө жабдуу Бишкек ЖЭБинин адистеринин көзөмөлүндө иштеп жатат. Бул технологияны колдонуу борбор калаанын экологиялык коопсуздугун жогорулатуу программасын ишке ашыруудагы маанилүү кадамдардын бири экени айтылды. Ал зыяндуу заттардын бөлүнүп чыгышын азайтууга жана энергия өндүрүүнүн туруктуу ыкмаларына өтүүгө багытталган.

Күкүрт тазалоо системасы көмүр жагылган учурда пайда болгон күкүрт кошундуларынын 96,6%га чейинки бөлүгүн кармап калууга мүмкүндүк берет. Бул өз кезегинде айлана-чөйрөгө болгон жүктү азайтып, Бишкек шаарындагы абанын сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт.

## Учуучу такси

Кытайдын EHang Holdings компаниясы тарабынан жасалган VT35 үлгүсүндөгү автономдуу учуучу такси Аньхой провинциясынын Хэфэй шаарында расмий түрдө тааныштырылды. Kazinform агенттигинин маалыматына караганда, VT35 - бул эки орундуу, электр кыймылдаткычы бар, өз алдынча башкарылган учуучу аппарат. Ал 160 чакырымга чейинки аралыкка уча алат жана шаар ичинде учуулар үчүн коопсуз.

Учак сегиз тик учуучу жана конуучу ротор менен жабдылгандыктан, чатырларга, унаа токтотуучу жайларга жана башка түзүлүштөргө конууга ылайыкталган. Ичинде отургучтар, сенсордук экран жана көңүл ачуучу интерфейс орнотулган. Аппараттын дүйнөлүк сатыкка чыгуучу күнү азырынча так айтылган эмес. Бирок, алдын ала маалыматтарга караганда, баасы болжол менен 913 миң АКШ долларын түзөт.

**“Эркин-Тоо” пресс**



Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ИШ ЖУМА



## БОРБОР АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН КООПСУЗДУГУ ЗАРЫЛ

Президент Садыр Жапаров Борбор Азия өлкөлөрүнүн Коопсуздук кеңештеринин катчыларын жана Индия Республикасынын Премьер-министринин улуттук коопсуздук боюнча кеңешчисин кабыл алып, аймактык коопсуздукту камсыз кылуудагы актуалдуу коркунучтар менен чакырыктарга каршы туруу маселелери талкууланды.

Мамлекет Башчысы учурда чыңалган эл аралык кырдаалда туруктуу өнүгүү үчүн эң ириде, бардык мамлекеттер менен тынч жана достук мамилелерди сактоо абдан маанилүү экенин баса белгиледи. Ошондой эле биргелешкен аракеттерибиздин негизин түзө турган бир нече багыттарды белгилеп өттү. Анын ичинде терроризм жана экстремизм менен күрөшүүгө басым жасоо, трансулуттук кылмыштуулукка жана баңгизаттардын мыйзамсыз жүгүртүлүшүнө каршы туруу, киберкоопсуздук жаатында координацияланган жооп кайтаруу бар.

Өз кезегинде Борбор Азия өлкөлөрүнүн коопсуздук кеңештеринин катчылары жана Индиянын Премьер-министринин улуттук коопсуздук боюнча кеңешчиси эки жана көп тараптуу кызматташтыкты чыңдоого даяр экендиктерин билдиришти.

## ТЫНЧТЫКТЫ ЖАНА ТУРУКТУУЛУКТУ ЧЫҢДОО КЕРЕК

Коопсуздук кеңешинин катчысы Бактыбек Бекболотовдун төрагалыгы алдында Борбор Азия жана Индия форматындагы коопсуздук кеңештеринин катчыларынын улуттук коопсуздук боюнча кеңешинин үчүнчү жолугушуусу болуп өттү.

Бул көп тараптуу формат тынчтыктын жана туруктуулукту чыңдоонун кызыкчылыгында кеңири аймактык өз ара аракеттенүүнүн улandысы болуп саналат, ошондой эле коопсуздуктун негизги маселелери боюнча пикир алмашуу үчүн уникалдуу аянтча катары кызмат кылат.

Бактыбек Бекболотов өз сөзүндө, бул жолугушуу үчүн абалды баалоодогу чөлкөмдүк жана улуттук коопсуздуктун абалына болгон чакырыктардын жана коркунучтардын таасиринин даражасындагы окшоштук эң баалуу экенин белгиледи.



## КЕСИПТИК МАЙРАМ КУТ БОЛСУН!

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 100 жылдыгына, Кыргызстандагы кесиптик бирликтер кыймылынын 120 жылдыгына жана Социалдык фонд кызматкерлеринин кесиптик майрамына арналган салтанаттуу иш-чарага катышты.

Адылбек Касымалиев эмгек укуктарын, социалдык адилеттүүлүктү, теңчиликти орнотууда кесиптик бирликтердин ролуна токтолуп, Кыргызстандын кесиптик бирликтери жаңы Эмгек кодексин иштеп чыгууга, үч тараптуу Башкы келишимди түзүүгө, мамлекеттин социалдык саясатын ишке ашырууга активдүү катышкан уюм экенин белгиледи.

Министрликтин 2026-жылга бюджети 23,3 млрд сомду түзөт. Социалдык кызматкерлердин тармагы кеңейди, курорттук дарылоону каржылоо көбөйтүлдү, министрликтин муктаждыктарына 77 автоунаа берилди. 2025-жылдын 1-октябрына карата 103 400 ата-эне "Балага сүйүнчү" жөлөкпулун алышты.

## ТЕЙЛӨӨ ИШ-АРАКЕТТЕРИ ҮЧҮН АКЫ АЛУУГА ЖОЛ БЕРИЛБЕЙТ

Министрлер Кабинети коомдук тамактануу тармагында баанын ачыктыгын жогорулатууга жана керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого багытталган жаңы токтом кабыл алды. Документке ылайык, тапшырыктын негизги наркынан бөлөк тейлөөчү сервировкалоо же башка иш-аракеттери үчүн акы алуусуна жол берилбейт. Мындан ары бардык кызмат көрсөтүүлөргө байланышкан чыгымдар менюда көрсөтүлгөн тамактын негизги баасына киргизилиши керек.

Тагыраагы жаңы эреже боюнча коомдук тамак-аш объекттери тейлөө үчүн пайыздарды кошпогондо, келүүчүлөр үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча шарттарды өз алдынча белгилей алат. Тапшырыктын негизги наркынан бөлөк тейлөөчү персоналдын тейлөө, тамак берүү, сервировкалоо же башка иш-аракеттери үчүн акы алуусуна жол берилбейт. Коомдук тамактануу кызмат көрсөтүүлөрүнүн бардык түзүмүнүн наркы менюда, прайс-баракчада же тапшырык берилгенге чейин керектөөчүгө жеткиликтүү болгон башка документте көрсөтүлгөн баага киргизилүүгө тийиш. Төлөмдүн акыркы суммасы ачык сунушталган прейскуранттын негизинде эсептелген суммадан айырмаланбашы керек.

## "ЖАМИЙЛА" МЮЗИКЛИ

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев мамлекеттик органдардын жетекчилери менен биргеликте Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясында өткөрүлгөн "Жамийла" улуттук мюзиклинин спектаклине катышты.

Чыңгыз Айтматовдун повестинин негизинде коюлган спектакль классикалык кыргыз адабиятынын заманбап интерпретациясы болуп саналат. "Жамийла" мюзиклинде театрдын, музыканын, бийдин элементтери айкалышып, башкы каармандардын терең сезимдерин жана башынан өткөн окуяларды чагылдырат. Спектакль сүйүү, берилгендик, кыргыз элинин маданий мурасы сыяктуу маанилүү темаларды козгойт.

## АЙДООЧУЛАРДЫ ДАЯРДООГО УБАКТЫЛУУ ТЫЮУ САЛЫНДЫ

Министрлер Кабинети транспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо боюнча билим берүү ишин лицензиялоого убактылуу тыюу салуу (мораторий) киргизүү жөнүндө токтом кабыл алып, ага Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев кол койду.

Мындай чечим транспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоонун жана кайра даярдоонун сапатын жогорулатуу максатында кабыл алынды.

Документке ылайык, лицензияны кайра тариздөөнү, дубликатын берүүнү, токтотуп турууну, кайра жаңылоону, токтотууну жана жокко чыгарууну кошпогондо, 2025-жылдын 20-октябрынан тартып 2027-жылдын 31-декабрына чейин транспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо боюнча билим берүү ишин лицензиялоого убактылуу тыюу салуу (мораторий) киргизилсин. Бул көрсөтүлгөн убактылуу тыюу салуу (мораторий) мамлекеттик билим берүү мекемелерине жайылтылбайт.



## СТРАТЕГИЯЛЫК ӨНӨКТӨШ МЕНЕН БИРГЕБИЗ

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын биринчи орун басары Данияр Амангелдиев Россия Федерациясынын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Сергей Вакунов менен жумушчу жолугушуу өткөрдү.

Сүйлөшүүнүн жүрүшүндө соода-экономикалык, энергетика жана маданий-гуманитардык чөйрөлөрдө кызматташуунун актуалдуу маселелери талкууланды. Тараптар Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын ортосундагы эки тараптуу кызматташтыктын учурдагы деңгээлине дагы токтолушту. Данияр Амангелдиев менен Сергей Вакунов кыргыз-орус өкмөттөр аралык комиссиясынын Бишкекте өтө турган кезектеги жыйынына кылдат даярдык көрүүнүн маанилүүлүгүн белгилешти.

**Зулпукаар САПАНОВ**

КЕЛЕЧЕК ҮЧҮН



# “БАЗАЛЬТ ЭВОТЕК” ЗАВОДУ ЖАНАР ТЕКТҮҮ КАТУУ ТАШТЫ ИШТЕТЕТ

***Кыргызстанда уникалдуу завод курулат. Тактап айтсак, ушул аптада Чүй облусунун Токмок шаарынын өнөр жай зонасында үзгүлтүксүз базальт була өндүрүүчү “Базальт Эвотек” заводунун курулушуна мезгил кутучасы салынды. Кутучаны салуу аземине Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев катышып, курулуштун башталышына старт берди.***

Аталган заводду уникалдуу дегенибиздин себеби, ал кадимки базальттан курулуш, энергетика жана өнөр жай тармактарында колдонулуучу композиттик жана жылуулук изоляциялоочу материалдарды өндүрө тургандыгында.

Базальт – бул жанар тектүү катуу таш. Ал таштардын ичинен урабай, жарылбай, жыттанбай жана сууну сиңирбей турган мыкты сапаттарга ээ. Базальт жолдор, темир жолдор, көпүрөлөр жана башка инфраструктуралык объектилерди курууда колдонулат. Столдорду жана каминдерди жасоо үчүн каптоочу материал катары белгилүү. Кыргызстан – бул кендин мекени. Анткени геологиялык чалгындоолор боюнча анын кору да эсептелип бүткөн эмес. Бирок, өлкөдөгү базальт тектери талаптагыдай иштетилбей, андан жасалган керектөөчү буюмдар тилекке каршы сырттан ташылып келип турган. Мындан бир топ жыл мурда базальт иштетүү жолго түшкөн. Бирок, Токмок шаарынын өндүрүш зонасында жакында курула тургандай ири завод ишке кире элек болчу.

Экономика жана коммерция министри Бакыт Сыдыков ири ишкана Токмок шаарындагы өнөр жай аймагынын 5 гектар аянтындагы участокто жүзөгө ашырыла тургандыгын билдирди. Долбоорго жалпысынан 42 миллион АКШ доллары көлөмүндө инвестиция салуу каралган. Завод жылына 5000 тонна продукция чыгарууга жөндөмдүү болот. 130га чейин жумуш оруну түзүлүп, эл аралык стандарттарга жооп берген экологиялык жактан коопсуз технологиялар колдонулган ишкана болмокчу. Заводду ишке киргизүү 2027-жылдын үчүнчү чейрегине пландалууда. Мамлекет өндүрүш ишканасынын курулушун колдоп, ал толук түрдө ишке киришкенче, салыктын бир нече түрүнөн бошотуп туруу да каралган.

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Адылбек Касымалиев "Бүгүн биз Кыргызстанда биринчи ири масштабдуу үзгүлтүксүз базальт буласын чыгаруучу заводдун курулушуна мезгил кутучасын салуудабыз. Долбоор экономиканы диверсификациялоо, инвестиция тартуу жана өлкөнүн өнөр жай потенциалын өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясаттын алкагында ишке ашырылууда. Бул ишкананын курулуш тармагы үчүн мааниси чоң. Ата мекендик базальт буласын өндүрүү импортко болгон көз карандылыкты азайтып, базар баасын турукташтырат ", - деп белгиледи.

Анын айтымында, учурда өлкөдө ачылып жаткан жаңы ишканалар аймактардын инфраструктурасын өнүктүрүүгө жана жумуш орундарын түзүүгө чоң салым кошууда. Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматы боюнча 2025-жылдын январынан августуна чейин өлкөнүн ИДПсы 1 триллион сомдон ашты, экономиканын реалдуу өсүшү 11%ды түздү. Өнөр жай өндүрүшү 11,5%га өстү, ишканалар 437,1 млрд сомдук продукция чыгарышты. Мамлекет келечектүү жана стратегиялык демилгелерге ар тараптуу колдоо көрсөтө бермекчи.

Адылбек Касымалиев Чүй облусу өлкөнүн өнөр жай борбору экенин, Токмок шаары тарыхта өнөр жайды өнүктүрүүдө негизги ролду ойноп келгенин да белгилеп өттү. "Токмок кайрадан өнөр жай борбору статусуна ээ болууда. Стратегиялык жайгашуусу, логистикалык мүмкүнчүлүктөрү жана жумушчу күчүнүн аркасында шаар Кыргызстандын түндүк-чыгышындагы өнөр жай борборуна айланууда", - деп кошумчалады ал.

"Ар бир жаңы ишкана – бул ишенимдин, талыкпаган эмгектин жана жаркын келечектин символу. Биз жаңы Кыргызстанды – өз каражаттарына жана жарандарына ишенген өлкөнү куруп жатабыз", – деп айтты МинКаб Төрагасы.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**




# КУРУЛТАЙ – БАЙЫРКЫ ЭЛДИК ДЕМОКРАТИЯНЫН ҮЛГҮСҮ

***Кыргызстанда Курултай институту жаңыча форматта кайрадан жанданып, коомчулукта талкууга түшүп жатат. Бишкек шаарында өткөн жылдардагы Элдик курултайлар эл менен бийликтин ортосундагы көпүрө катары каралып, бирок алардын натыйжалуулугу жана демократиялык таасири тууралуу суроолор азыр да талкууда.***

IV Элдик Курултай 2025-жылы 22-декабрда Бишкек шаарында 700 делегаттын катышуусунда өткөрүлөрү маалым болду. Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров Жарлыкка кол коюп, уюштуруу комитети жана делегаттарды шайлоо механизмдери иштелип чыкканы жалпы коомчулукка маалымдалды. Элдик Курултайдын резолюциясы 2025-жылы Кыргызстанда коомдун бардык секторлорунда тең салмактуу өнүгүүнү, аймактардын көйгөйлөрүн жана маданий багыттарды камтышы күтүлүүдө.

## ЭЛДИК КУРУЛТАЙ ЖӨНҮНДӨ ПИКИРЛЕР



**Бакыт Бакетаев, саясат таануучу**.

Биринчи Элдик Курултай тууралуу пикиринде: делегаттардын ачык сөзү, Президенттин түз угуп, элдин маанайын сезе алышы – позитивдүү жагдай болду деген ойдо. “Түз байланыш” сымал учурлар болду, бирок кемчиликтер да жок эмес", деп өз пикирин билдирген. Бирок Бакетаев “Курултай максатына жете албай калды” деп айтууга болбойт, ал башталган процесстин бир бөлүгү, иш-чаранын бардык жагдайлары идеалдуу болбойт” деген.



**Кадыр Кошалиев – коомдук ишмер, Курултайдын уюштуруучусу**

Элдик Курултай институтун түзүү идеясын көтөргөндөрдүн бири. Ал, Курултай коомчулуктун үнүн бийликке жеткирүүчү институт болуп калышы керек деген көз караштыжактайт. Ошол эле учурда, делегаттарды тандоодо алардын кесипкөйлүгү, коомго тиешеси, масштабдуу ой жүгүртүүсү маанилүү экенин белгилейт. Элдин көйгөйлөрүн айтуудан мурда, чечүү жолун сунуштай алган инсандар келиши керек дейт.

**Бекбосун Бөрүбашов – саясий эксперт**



Курултай институтуна терең иликтөө, дыкат талдоо жасап: Элдик Курултай – түрк элдердин салттык жыйындарынан улам келип чыккан институт катары каралышы мүмкүн, бирок азыркы шартта анын конструктивдүү, практикалык ролу коомчулук жана бийлик тарабынан так аныкталбаса, натыйжа аз болот деген. Ошондой эле делегаттардын билим деңгээли, идеясы, жоопкерчилиги – Курултайдын ийгилигине чоң таасир кыла алат деп эсептейт.

Курултай – бул жөн гана жыйын эмес. Ал элдин эрки менен мамлекеттүүлүктүн тамыры. Тарыхта кыргыз, түрк жана моңгол элдери ушул жол менен өз тагдырын чечип, акыл менен ыймандын үстөмдүгүн камсыз кылышкан. Элди бириктирген, акыйкатты туу кылган Курултай – биздин руханий жана саясий маданиятыбыздын түпкү негизи. Ар бир доор өз курултайын өткөрүп, элдин үнүн угуп турса – өлкө өнүгөт, мамлекет бекем болот – деп калыс пикирин билдирген.

**Махабат САИДРАХМАНОВА**

Тегерек стол

# ЗОМБУЛУК ФАКТЫЛАРЫНЫН СЕБЕПТЕРИН ИЛИКТӨӨ ЗАРЫЛ

***Бишкектеги Акыйкатчы институтунда аялдар менен балдарды зомбулуктан коргоого арналган тегерек үстөл болуп өттү. Иш-чарага сот органдарынын адистери, КРнын Акыйкатчысы, БУУнун Аялдар уюмунун өкүлдөрү катышышты.***

Акыйкатчы коомдун орчундуу көйгөйү – аялдар менен балдарга карата зомбулукка өзгөчө көңүл бөлүп, өзүнүн жылдык баяндамасында анын алдын алуу чараларын күчөтүүнү сунуштап келерин белгиледи. “Мында алдын алуу иш-чараларына өзгөчө көңүл буруу зарыл. Зомбулук фактыларына гана эмес, анын себептерин да иликтеп, ата-энелер жана үй-бүлөлөр менен системалуу иш алып баруу, ошондой эле аялдар жана балдар менен иштеген адистердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу маанилүү” - деди Жамиля Жаманбаева.

Иш-чарада өлкөдө майыптуулугу бар кыз-келиндердин коопсуздугу тууралуу маселе көтөрүлүп, алар зомбулуктун ар кандай түрлөрүнө (физикалык, сексуалдык, ыдык) кабылары айтылды. Эске салсак, Кыргызстандагы 218 миң майыптуулугу бар жарандын 40%ы аялдар жана кыздар. Башкы прокуратуранын маалыматында 2025-жылдын 6 айында үй-бүлөлүк зомбулук боюнча 10 миң 75 билдирүү катталып, 310 кылмыш иши козголгон.

Медицина

# БӨЙРӨК ТРАНСПЛАНТАЦИЯСЫ ЖҮРГҮЗҮЛДҮ



Бишкектеги Улуттук эне жана баланы коргоо борборунун трансплантология бөлүмүндө бөйрөктү көчүрүү боюнча дагы бир ийгиликтүү операция жасалды. 33 жаштагы О.Р. аттуу (аты-жөнү кыскартылды) бейтап 1 жыл 9 айдан бери өнөкөт бөйрөк оорусу менен жабыркап, гемодиализ алып келген. Аталган бейтапка донор – анын 44 жаштагы өз агасы болду.

Учурда бейтаптын абалы туруктуу деп бааланууда. Жалпысынан 2018-жылдан бери аталган борбордо 76 бөйрөк трансплантациясы жүргүзүлүп, алардын ичинен 2024-жылдан тарта 35 операция бюджеттик негизде акысыз жасалган.

Мамлекеттик колдоонун жана кыргыз дарыгерлеринин кесипкөйлүгүнүн аркасында учурда Кыргызстанда жогорку технологиялуу операциялар ийгиликтүү жүргүзүлүп, жарандарыбыз чет өлкөгө чыгууга муктаж болбостон, өз мекенинде эле өмүрүн сактап калууга мүмкүнчүлүк алууда.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

АШЫМ ЖАКЫПБЕКОВГО 90 ЖЫЛ

**10-октябрда Таластын Шекер айылындагы Күркүрөө өзөнүндө айыл эли, чыгармачыл инсандар, маданият ишмерлери Улуу "Манас" эпосун кара сөзгө түшүрүп, калкына таберикке калтырган жазуучу Ашым Жакыпбековдун 90 жылдыгын белгилешти. Ашым Жакыпбеков 1935-жылы Таластын Шекер айылында туулган. Жазуучунун дагы бир зор эмгеги – залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун адепки бир топ чыгармаларын кыргыз тилине которуп, окурман журтуна сунганын белгилөөгө болот.**




## Ашым Жакыпбековдун уулу Улан ЖАКЫПБЕКОВ:

# «ӨКҮНҮЧТҮҮСҮ, АТАМ КИТЕПТИН ЖАРЫККА ЧЫГЫШЫН КӨРБӨЙ КАЛДЫ»

***Эске салсак, Ашым Жакыпбеков 1994-жылы 59 жаш курагында дүйнөдөн өткөн. Биз жазуучунун 90 жылдык маарекесинин алкагында анын уулу Улан Жакыпбековдон атасы тууралуу маек алдык. Жазуучунун уулу Улан мырза көп жылдан бери Америкада жашайт. Биз аны менен интернет аркылуу байланышып, атасынын өмүр жолу жөнүндө суроолорубузду узаттык.***

**- Улан мырза, атага болгон сезим, ага делген кымбат ойлор баласынын жаш курагына карата жыл өткөн сайын өзгөрүлөбү, кандай ойлойсуз?**

- Мен Кудайга абдан ыраазымын. Анткени, биздин үй-бүлөгө, мага Кудай мыкты атаны ыроолоптур. Атамдын жазуучулук өнөр-дараметинен мурда, анын адам катары эр жүрөк, чынчыл, боорукер, алысты көрө билген, кыраакы, камкор сапаттарын айтпасам болбойт. Атам бизди көп эркелетчү, мээримин төкчү, аны менен катар турмушка жоопкерчиликтүү болууга кичинебизден тарбиялап, шык, багыт бериптир. Атам "Жаман баланын барынан жогу", деп көп айтчу. "Улан, жакшы адам бол, үй-бүлөңдү сыйла, бизди жер каратпа" деп да көп айтаар эле. Менин деле жашым, 52ге келип калды. Адамдын жашы жогорулаган сайын бардык нерсеге, анын ичинде мекенге, ата-энеңе болгон сезим, сагыныч күчөйт экен. Атаңдын көзү өтүп, турмуштун сыноолорунан да өтүп, бардык нерсени жылдардын агымы менен түшүнөт экенсиң. Азыр атам бар болсо, көп маселелерди талкуулап отурмакмын. Кадимкидей атамды сагынам, караанына зар болом, түштөрүмдө көрсөм дейм. Бирок, баары кеч. Бир гана кармманганым, атамдын мага табыштаган турмуштук баалуулуктарын, насааттарын көкүрөгүмө түйүп, балдарыма, жакындарыма айтып берем.

**- Атаңыз Ашым Жакыпбековдун сөөгү кайда коюлган?**

- Атамдын сөөгү Таласта Шекер айылында өзүнүн апасынын жанына коюлган. Атамдын мүрзөсүнө эстелик койдургам. Мен анда 20 жашта элем. Атамдын кан басымы жогору болуп, жүрөгү ооручу. Инсульт алып, күтүүсүз жерден 59 жашында оорудан улам каза болгон.

**- Апаңызды эскерип берсеңиз? Жалпы үй-бүлө, бир туугандарыңыз тууралуу айтсаңыз?**

- Апамдын аты Күкүн болчу. Ал акылман, мыкты адам болгон. Атама чайын дайындап, эшиктен келгенде жылуу тосуп алып кам көргөн инсан апам болгон. Атам, апам экөөнүн жаштыгынын көбү мурунку Фрунзеде көбүрөөк өткөн десем болот. Атам борбордогу ар түрдүү редакцияларда, Кыргызфильмде иш алып барган. Ал ортодо ата-энем Таласта, Шекерде да жашашты, ал жакка атам үй салган. Атам бул дүйнөдөн өткөндөн кийин 10 жылдан соң апам да каза болуп калды. Биз үй-бүлөдө 2 бир тууганбыз, эжем жана мен. Эжемдин аты Кымбат, үй-бүлөсү менен Бишкекте жашайт.

**- Атаңызга байланышкан дагы кандай өзгөчө окуяларды эстей аласыз?**

- Мен бул окуяны атам менен иштешкендерден уккан элем. Ал учурда атам «Кыргызфильм» киностудиясында эмгектенчү экен. Бир күнү эле ал студияга Кыргызстан КП БКнын 1-секретары Турдакун Усубалиев келиптир. Ал жердегилердин баары даярдык көрүп, уу-дуу түшүп, жолугушуу кыргыз кино тармагы боюнча пикир алмашуулар менен коштолуптур. Ал эми атам Ашым Жакыпбеков Турдакун Усубалиевге кыргыз кино фильмин жакшыртуу боюнча катар-катар сунуш-суроолорун бере баштаптыр. Кесиптештери "атамдын кулагына шыбырап, суроолорду азайтыңыз, акырын айтыңыз, көп нерсени козгобой эле коюңузчу" дешет экен. Ал эми атам болсо кое тургула, сурап алаар маселелерим бар деп жоопторун алганга үлгүрүптүр. Бул окуяларды мага айтып берген кино ишмер ошол жолугушуу жөнүндө гезитке учурунда чоң макала жазган экен. Ал макаласында атамдай ачык, адилеттүүлүктү сүйгөн адам гана "Теңири Манасты" сиңирип, батынып жазаарын баса белгилеген. Ал киши "Мен Ашым жаштыгына салып, өзүн көрсөткүсү келип, мамлекеттик жетекчиге курч суроолорун узатып жатат дегем, көрсө мен жаңылган экенмин. Мен Ашым Жакыпбековдун ааламын түшүндүм, ал жалпы журтка кам көргөн, касиет ыроологон, Манас дүйнөсүн аздектеген мекенчил инсан экенине ынандым", деп макалакасына кенен баяндаган жайы бар.





**- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атайын тескемесинин негизинде, жазуучу Ашым Жакыпбековдун 90 жылдыгы 10-октябрда кичи мекени Шекерде белгиленди. Бул иш-чарага кай жагынан кол кабыш кылдыңыз?**

- Атамдын 90 жылдыгын уюштуруу демилгеси мамлекеттин көмөгү, атайын тескеменин негизинде Чыңгыз Айтматов районунун мамлекеттик администрациясы тарабынан уюштурулду. Учурдан пайдаланып атамдын маарекесин уюштуруу идеясын колго алган бардык тиешелүү мамлекеттик мекемелерге ыраазычылыгымды билдирип кетким келет. Ал эми Таластагы бир туугандарым, жалпы жердештерим тикеден-тик туруп бул маарекени өткөрүүгө жардамын көрсөттү. Мен тилекке каршы, атамдын 90 жылдыгына катышуу үчүн алыстан барууга шартым туура келбей калды. Бирок уулу катары аз да болсо материалдык чыгымдарын көтөрүүгө аракет кылдым. Бир тууган Кымбат эжем да материалдык жардамын көрсөттү. Бишкектен эжемдин уулу, жээнибиз Артур Исаев дагы 90 жылдыкка кол кабыш кылып, көмөктөштү.

**- Эми атаңыздын Манас дүйнөсүнө келип калганын, эпосту кара сөзгө түшүрүүсүн кандай сүрөттөйсүз? Ички дараметин көпкө даярдап, андан соң жазууга батынса керек?**

- Атамдын Манас дүйнөсүнө аралашуусун, деги эле атам жөнүндө жаңы сөз, маалымат уксам деп ашыгам. Уулу катары менин баамымда, атамдын Манаска кызыгуусу жаштайынан эле башталган. Ал кез кыйын заман болгон, атам Ата мекендик согуштун кесепетинен өз атасынан эрте ажырап калган. Менин чоң энем, атамдын апасы да эрте каза болгон. Мындан улам атамды жана атамдын бир тууганын Алмабүбү деген эжебиз багып өстүргөн. Негизи эле Таластан атам жаштайынан Манас тууралуу окуя, баяндарды көбүрөөк угуп чоңойгон. Анткени, атамдын агалары баары "Манас" эпосуна кызыгуулары арткан адамдар болгон. Мындан тышкары баарыбыз билген Шекер айылында асман тиреген Манас жана Бакай ата чокулары орун алган. Атама ушул эки чоку да Манас тууралуу эскертип турганбы деп да ойлоном. Биздин үйдө Саякбай Каралаев, Сагымбай Орозбаков, Жусуп Мамайдын варианттарында "Манас" эпосу томтому менен турчу. Атам ал китептерди күн-түн дебей окуп отурчу. Менин оюмча каалаган адам эле манасчы болом, мен Манас изилдейм деп алдыга чыга албайт болушу керек. Бул нерсеге Кудайдын тандоосу да таасирин тийгизет го деп ойлойм. Эпосту кара сөзгө түшүрүү шыбагасы атамдын тагдырына жазылганына сыймыктанам, бийик көрөм. Ал эми атамдын жан дүйнөсүндө Манаска байланышкан аян иштер болгон же болбого-



нун так айта албайм. Анткени атам бул тууралуу айтчу эмес. Балким болгон, балким болгон эмес. Бирок атам, "Манас" эпосуна өзгөчө мамиле кылчу.

**- "Теңири Манасты" канча убакытта жазып бүткөн?**

- Атам 3 миллиондук саптан турган эпосту күндүр-түндүр жүрөгүндө багып жүрдү. Атамдын максаты эпосту кыргыз элине жеткиликтүү деңгээлде, жеңил окууга багыттап, кара сөзгө түшүрүүнү ишке ашыруу болчу. 1985-жылы залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов баштаган инсандар, Жазуучулар союзу тарабынан атама "Манас" эпосун кара сөзгө түшүрүү тапшырмасы берилген. Атам бул улуу ишти 7 жыл аралыгында кара сөзгө түшүрүп, бүтүрдү. Билгенге эбегейсиз тарых. Бул ишти азуузда атам күн-түн дебей машинкасын басып отурчу. Атам жазып жаткан маалында кээде ыйлап, кээде сүйүнгөн учурлары эсимде. Бизге ойлору менен бөлүшчү. Атам 1992-93-жылдары "Манас" эпосун кара сөзгө түшүрүп, соңуна чыгарган. Эпос жарыкка чыкпай, кол жазма боюнча көп туруп калды. Атама эпостун кара сөзүн китеп кылып чыгарам деп Кыргызстандын биринчи Президенти Аскар Акаев убада берип, бирок айтылган убактысында чыгарган эмес. Бул нерсе менин да эсимде бар. Атам кадимкидей ыйлап, кыргызга "Манас" керек болбосо анда жазган кол жазмаларымды жок кылам дегенге чейин барган. Кийин Кудайдын буйругу менен "Манас" эпосунун 1000 жылдыгынын алдында "Теңири Манас" 50 миң нуска менен жарыкка чыкты. Эң өкүнүчтүүсү атам китептин жарыкка чыгышын көрбөй, бул дүйнөдөн өтүп кетти. Бул мен үчүн жашоодогу чоң арман бойдон калды. "Теңири Манастын" чыгышына кыргыздын белгилүү адамдары кол кабыш кылышты, чуркашкан. "Теңири Манас" романынын уюштуруучу-редактору, коомдук ишмер Памирбек Казыбаев агайдын эмгегин да белгилегим келет. Ошол кездеги "Ыйман инсан" деген фонд да жардамын аяган эмес. «Теңири Манас» романы 1994-жылы жарык көрүп, атама көзү өткөндөн кийин Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган. Бул китеп азыр деле мамлекеттин колдоосу менен кайрадан басылса деп ойлойм.

**- Атаңыз "Семетей", "Сейтек" эпосторун да кара сөзгө түшүрүүнү пландаганбы?**

- Ооба, "Семетей", "Сейтек" эпосторуну кара сөзгө түшүрүүгө даяр болуп калды деп атам айтып калчу. Эки эпосту 2 китеп кылбай, 1 китеп кылып чыгарам деген тилеги бар болчу. Тилекке каршы, ушул тилегине жетишпей каза болуп калды. Манасчылары, манастаануучулары адамдар тандабайт деген ойдомун.

**- Сиз алыскы Америкада жүрүп, "Манас" эпосун америкалыктарга тааныштыруу, жайылтуу сыяктуу аракеттерди жасап көрдүңүзбү?**

- Бул жакта мен жалгызмын. Бирок, Америкада учурунда маркум коомдук ишмер Азамат Алтай агабыз менен биргеликте "Манас" эпосу тууралуу иш-чараларды өткөрүүгө аракет кылдык. "Теңири Манасты" англис тилине которууга мамлекет тарaптан да колдоо болсо чыгарсак жакшы болмок. Кино, мультфильмдерди тартуу менен да эпосту даңазалоо шарт түзүлсө деген ойлорум бар.

**- Жакында Президент Садыр Жапаров Чыңгыз Айтматовдун 2028-жылы 100 жылдыгын өткөрүү боюнча Жарлыкка кол койду. Атаңыз Ашым Жакыпбеков Айтматовдун чыгармаларын кыргызчага которгон. Эки улуу инсандардын байланышы, мамилеси, иштери тууралуу эмне айталасыз?**

- Залкар жазуучунун 100 жылдыгы өз мекенинде, дүйнө өлкөлөрүндө татыктуу деңгээлде белгилениши зарыл. Ал эми атам менен Чыңгыз Айтматов экөө көп сүйлөшчү, ой бөлүшчү. Эки инсан бир өзөндүн суусун ичип чоңойгон. Атам Айтматовдун көптөгөн чыгармаларын кыргыз тилине которгон. Бир окуяны айта кетейин. Атамдын Айтаалы Жакыпбеков деген агасы бар болчу. Ал киши 1920 - жылы төрөлгөн экен. Чыңгыз Айтматовдон жашы боюнча улуураак киши болгон. Ата Мекендик согуш маалында айыл өкмөттүн жетекчиси болуптур. Атамдын ушул Айтаалы агасын кийин Чыңгыз Айтматов өз эскерүүлөрүндө эскергени бар. Анда атамдын агасы Айтаалы жашоосунда үлгү болгонун баса белгилеген. Анткени, Айтаалы чоң атабыз акылдуу, көрөгөч, чынчыл болуптур. Айтаалы Жакыпбеков чоң атабыз согуштан кайтпай калган. Шекердеги үйүбүздө Айтаалы чоң атамдын булгарыдан жасалган портфели бар болчу. Кийин Чыңгыз атабыз Шекердеги атамдын үйүнө келип, Алмабү апамдан Айтаалы чоң атамдын булгаары портфелин белекке мага бериңизчи деп сурап алып кетиптир. Андан кийин, арадан көп жыл өттү, атам Ашымбек да өмүрдөн өтүп кеткен кез болчу. Күндөрдүн бириндe Чыңгыз Айтматов менен жолугуштук. Чыңгыз агабызга атам жазып кеткен "Теңири Манас" китебин белекке өз колум менен бердим. Бул жолугушууда Чыңгыз Айтматов мени бир топко көзүн албай карады. "Балам сенде Ашым атаңдын да, Айтаалы Жакыпбеков чоң атаңдын да сапат, мүнөздөрү бар экен" деген. Чыңгыз агабыздан бул сөздү угуу мен үчүн абдан ардактуу, сыймыктуу болгон.

**- Атаңыз белгилүү адамдардан дагы кимдер менен көбүрөөк пикир алышчу?**

- Атамдын Чыңгыз агабыздан кийинки эле жакыны, досу – Кыргыз Эл баатыры, маркум Бексултан Жакиев болгон. Ал кишини мен "ата" деп айтчумун. Бул кишилер менен үй-бүлөлүк катышыбыз да бекем болгон. Атам ошондой эле Кыргыз эл акыны Сүйүнбай Эралиев менен да жакшы пикир алышчу. Сүйүнбай агабыз атамдан жаш курагынан бир топ эле улуу болчу. Бирок, атам болушунча улуу адамдардын сөзүн угууга, дидарлашууга ашыкчу. Анын үстүнө кошуна болуп да жашачубуз. Кыргыз маданиятынын сап башында турган инсандар Насирдин Байтемиров, Төлөмүш Океев, Өскөн Даникеев, Мар Байжиев, Нуртай Борбиев өңдүү залкарлар менен пикирлеш болгон. Атамдын дагы бир жакын досу кыргыз совет актеру Сүйменкул Чокморов болгон. Мезгил өтүп, не бир деген улуу залкарлар бул жашоо менен коштошуп кете беришти. Биз кичинекей чакта атам адамдар менен бир дасторкон четинде отуруп, ар түрдүү темада аңгеме курушчу. Мен кичинекей болуп көп нерсени түшүнбөсөм да аларды карап отуруу мага кызык болчу. Эмне деген залкарлар өтүштү да кетишти.

**Мээрим БАКТЫБЕК кызы**

УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТТЕ

# АДАБИЙ БОРБОР АЧЫЛДЫ





***Кечээ, Ж.Баласагын атындагы Улуттук университеттин Кыргыз филологиясы факультетинде акын, котормочу, окумуштуу, белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, Жогорку Кеңештин мурдагы төрагасы Чыныбай Турсунбеков атындагы адабий борбор ачылды.***





Чыныбай Турсунбеков кезинде (1978–1983-жж.) ушул университеттин кыргыз филологиясы факультетинде окуп, аны артыкчылык диплому менен аяктаган. Эмгек жолун да ушул эле университеттен баштап, окутуучу, декандын орун басары кызматтарында иштеген. Көп өтпөй филология илимдеринин кандидаты илимий даражасына ээ болгон. Ошол жылдары эле поэзияга кеңири аралашып, адабий ийримдерге активдүү катышып чыгармачылык менен алектене баштаган. Алгачкы ырлар жыйнагы "Жүрөктөгү жаңырык" деген ат менен жарык көрүп, адабий чөйрөгө батымдуу аралашкан. Пицундада өткөн бүткүл Союздук фестивалдын лауреаты болгон. Жаш чагында эле СССР жазуучулар союзунун, СССР журналисттер союзунун мүчөлүгүнө алынган.

Рынок заманынын агымынан калбай "Акун" компаниясын түптөгөн. Ал Кыргызстанга эле эмес, жалпы коңшу өлкөлөргө таанымал ири компанияга айланган. Ал эми аз эле жылда саясатта да бараандуу из калтырган инсан экенин жалпы эл билет.

Чыныбай Турсунбеков атындагы адабий борбордун ачылышында Улуттук университеттин ректору, география илимдеринин доктору Догдурбек Чонтоев сөз сүйлөп, быйыл Улуттук университет 100 жылдыгын белгилеп жатканын, 100 жыл аралыгында аталган университетти 192 миңден ашуун студент аяктаганын айтып, алыс-жакынга аттын кашкасындай таанымал, университеттин сыймыктуу бүтүрүүчүлөрүнүн бири Чыныбай Турсунбеков экендигин баса белгиледи.

Кыргыз Улуттук жазуучулар союзунун төрагасы Каныбек Иманалиев Ч.Турсунбековдун саясий бейнесин ачып, чаң-будуң саясаттан чаң жукпай, таза кеткенин, бийик адамгерчилигин, аткарган иштерин фактылар менен келтирди.

Белгилүү мамлекеттик жана коомдук ишмер Накен Касиев, академиктер жана илимпоздор чыгып сүйлөшүп, адабий борбордун Ч.Турсунбековдун туулган күнүнө, 65 жылдык юбилейине арналып ачылганын жакшы жышаан катары белгилешип, инсандык асыл касиеттери тууралуда айтышып, аталган адабий борбор келечек муундарга кызмат кыла турган борбор болуп калары белгилешти.

**Курманбек РЫСПАЕВ**

Майда, бирок маанилүү...

## ПСИХИКАЛЫК ЖАКТАН ООРУГАНДАРДЫН САНЫ КӨБӨЙҮҮДӨ

Республикалык психиатрия жана наркология борборунун психиатр-наркологу, эксперт Кубанычбек Эрмегалиев учурда өлкөдө психиатриялык жактан жабыркагандардын саны өсүп жатканын ММКлардын бирине берген маегинде билдирди. Анын айтымында медицинанын психиатрия тармагына көңүл жакшы бурулбагандыктан унутулуп, көйгөйлүү маселелер көп.

"Убакыттын өтүшү менен психикалык жактан ооругандардын саны көбөйүп жатат. Эл "психиатрга барсаң сөзсүз каттоого коёт, эл эмне дейт" деп дарыгерлерге көрүнүүдөн качышат. Психикалык оорулардын ар кандай түрлөрү бар. Шизофрения, МДП сыяктуу оор түрлөрү каттоого алынат. Ал эми каттоого алынбай турган невроз, неврастения, депрессия өңдүү жеңил түрлөрү да кездешет. Бизде 80 орундуу психосоматика деген бөлүмүбүз бар. Көптөрү ошол жактан дарыланып, жакшы болуп кетип жатышат. Психиатриялык оорудан эч качан коркуп, уялбаш керек. Канчалык эрте жардам берсек, ошончолук тез сакайып чыгып кетишет. Мисалы, депрессия эки жуманын ичинде өтүп кетиши керек. Эгер андан узакка созулуп кетсе, оорулууну жакындары дарыгерге көргөзүүсү зарыл. Болбосо, азыр өз жанын кыйган учурлар кездешет. Бул оору көбүнчө өспүрүмдөр арасында катталууда. Аскерлердин арасында өзүнө кол салгандар болуп жатат" дейт Эрмегалиев.

Дарыгердин айтымында учурда психиатрлар республика боюнча кыдырып үй-бүлөлүк дарыгерлерге психикасы жабыркап бараткан адамды кантип аныктап, кандай жардам көрсөтүү керектиги тууралуу семинарларды, окутууларды өткөрүүдө.

## ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯНЫ ҮНӨМДӨҢҮЗ

Ар бир жаран электр энергияны үнөмдүү пайдалануусу зарыл. Бул тууралуу Энергетика министрлигинен билдиришти.

Кыргызстанда жыл сайын калктын саны өсүүдө. Ага жараша жаңы шаарчалар, көп кабаттуу үйлөр, социалдык объекттер курулууда. Завод, фабрикалар кеңейип, жолдор жарыктандырылып, технологиялар күн сайын көбөйүп жатат. Бул электр энергиясынын күнүмдүк керектөөсүнүн жогорулоосуна алып келет. Ошол эле учурда дүйнө жүзүндө суу ресурстары азайууда. Бул өлкөдөгү ГЭСтердин ишине түздөн-түз таасирин тийгизе турган фактор. Энергия булагы чектелүү, ал эми керектөө улам артууда. Ошондуктан, электр энергиясын үнөмдүү, сарамжалдуу пайдалануубуз зарыл.

## АЛТЫНДЫН БААСЫ ЭҢ ЖОГОРКУ ЧЕККЕ ЖЕТТИ

Алтындын биржалык баасы тарыхый рекорддорду экинчи күнү катары менен жаңылап жатат. Бейшемби күнү таңга маал бир тройский унциясы 4 250 доллардан ашкан.

Ошондой эле маалыматтар боюнча күмүштүн да баасы максималдуу деңгээлге жетти. Акыркы сааттарда анын баасы рекорддук 52,865 долларга чейин чыккан. Москва убактысы боюнча 7:28де Нью-Йорктогу Comex биржасында алтындын декабрь айы боюнча фьючерси мурункуга салыштырмалуу 1,19% – 49,96 долларга жогорулап, унциясы 4 251,56 долларга жеткен. Мурунку саатта баа рекорддук 4 254,8 долларга жеткен.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

КҮНДҮН СОБОЛУ



Экс-депутат Айнуру АЛТЫБАЕВА:

# "ЖАҢЫ МЫЙЗАМДА ЧЫНЫГЫ ЛИДЕР АЙЫМДАРГА МҮМКҮНЧҮЛҮК ТҮЗҮЛДҮ"

*Президенттин Жарлыгынын негизинде 30-ноябрда Парламенттик шайлоо өткөнү турат. Бул шайлоо мурдагыдан айырмаланып, бир топ жаңы эрежелер менен өтө турган болууда.*

– Эмки шайлоо көп мандаттуу мажоритардык система менен өтөт. Шайлоо округ 30га бөлүнүп, ар бирине 3 мандаттан берилет. Быйылкы шайлоонун өзгөчөлүгү – 3 мандаттын бирөө аял кишиге берилет. Бул эксперттер тарабынан иштелип чыккан абдан жакшы система. Мисалы, кийинки 8-чакырылышка жок дегенде 30 айым шайланып келет. Мен билген бир топ лидер айымдар бул мыйзамдын жакшы ченемдерин эске алып, шайлоого катышууга аракет кылышууда. Аялдар 10% болсо, көптөгөн социалдык маселелер көтөрүлөт, 20%ды түзсө, ушул маселелер талкууланат, ал эми 30 %дан кем эмес болсо, бул маселелер чечилет деген көптөгөн эл аралык статистикалык изилдөөлөр бар. Ошондуктан, жаңы мыйзамда чыныгы лидер айымдарга мүмкүнчүлүк түзүлдү деп ойлойм. Өкүлчүлүк – Жогорку Кеңештин эң негизги функциясы. Ал Эми Кыргызстандын 52%ын аялдар түзөт. Мына 3-чакырылышта бир дагы депутат айым шайланып келген жок. Ошол чакырылыш да тез арада эле тарап кеткен. Ошондо мыкты лидер айымдар, юрист айымдар менен биз чогулуп, ушул маселе боюнча жөнөкөй тил менен айтканда квота иштеп чыканбыз. Мындай нерсе эл аралык практикада да бар болгону менен, ошол убакта бир топ сынга алынган. Баш мыйзамда атайын убактылуу чаралар деп айтылат. Сынга алынганы менен, менин оюмча туура эле система кирген. Коомдо сөзсүз социалдык группалардын өкүлдөрү башкача айтканда жаштар, аялдар деген демократиялык ченем болчу. Ошол квота, мыйзам иштеп, 4-чакырылышта Жогорку Кеңешке аялдар келди. Ошондон бери квота бар. Анализдеп көрсөк, ошондо айрым айылдык кеңештерде таптакыр депутат айымдар жок болчу. Ошондон кийин айылдык жана шаардык кеңештин шайлоо мыйзамдарына да квоталарды киргизгенбиз. Андан бери жергиликтүү кеңешке эки жолу шайлоо өттү. Акыркы жергиликтүү кеңештин шайлоосунда айылдык кеңешке 37% аялдар келген. Айтор бул иштер оңой менен болгон жок. Ал эми азыркы шайлоо мыйзамы боюнча 2020-2021-жылы Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында жумушчу топ түзүлгөн. Биз бир нече жолу сунуштаганбыз. Мисалы, кайсы бир депутат мандатын тапшырып, башка жумушка кетип, депутаттык бош орун болуп калса, ошол мандат ошол округдан кийинки келе турган депутатка шайлоо өткөзүлбөй эле берилиши керек. Жок болбой эле жаңы мандатка кайрадан шайлоо болсун деп эреже киргизип коюшкан. Азыркы мыйзамда бош орунга кийинки тизмеде турган талапкер мандатка ээ болууга укугу бар. Бул бюджетке да пайдалуу, анын үстүнө кайра-кайра шайлоо болгон тынчтыкты бузат, алагды кылат. Ошондуктан бул эреже азыркы шайлоо системасындагы жакшы ченем.

Саясат талдоочу Бакыт БАКЕТАЕВ:



**"АЯЛ КЕТСЕ, ОРДУНА АЯЛ КИШИ КЕЛЕТ"**

– Бул шайлоо системасынын жакшы жагы, биринчиден аялдарга орун берилди. 30 аял киши депутаттык мандат ала алат. Аял кетсе, ордуна аял киши келет. Экинчи жакшы жагы, ар бир округдун өзүнүн депутаты болот. Өлкө боюнча 30 округга бөлүндү, ар бир округдан үчтөн депутат шайланат. Мурда андай жок болчу. Эң негизги эки жаңылык, жакшы жагы ушундай болууда.

Серепчи Эмил ЖОРОЕВ:

**"МЕНИМЧЕ ПАРТИЯЛАРДЫН КАТЫШУУСУ КҮТҮЛБӨЙТ"**



– Келе жаткан 30-ноябрга белгиленген жаңы шайлоо толугу менен жаңы шайлоо мыйзамына ылайык өткөрүлмөкчү. Ал мурдагы шайлоо мыйзамына караганда таптакыр башкача, кескин өзгөрүүлөр орун алды. Алсак, пропорционалдык партияларга байланган, кандидаттардын тизмеси деген нерсе такыр жок болду. Кааласа партиялар да катыша алмак, бирок катышуу үчүн алар ар бир 30 шайлоо округунан өздөрүнүн кандидаттарын даярдаш керек болду. Бирок, ар кандай уюштуруу чыгымдарына, кыйынчылыктарына байланыштуу азырынча менимче партиялардын катышуусу күтүлбөйт. Эгер партиялар катышып калса деле алар түз эмес, кыйыр жол менен гана ар кандай жеке өзүн өзү көрсөткөн гана талапкерлердин партияга байланышы болсо, партиялык мүчөлүгү болсо, ошол аркылуу гана катышуусу мүмкүн болот. Бирок, жалпысынан Кыргызстанда бүт өлкө аймагы 30 шайлоо аймагына бөлүнүп, алардын албетте көпчүлүгүндө кандайдыр бир буга чейин белгилүү болгон райондордун чектерине туш келбей, кээде кайсы бир башка райондордун, айылдары кошулуп калган учурлар болуп жатат. Ал бир аз шайлоочулар үчүн кыйынчылыктарды туудурушу мүмкүн. Анткени, кайсы бир талапкерлердин негизги басымдуу шайлоочулары бир райондон болуп, ошол калып калган кошулуп калган экинчи райондун өкүлдөрүнө, айылдарына, аймактарына анчейин көңүл бурулбай калышы деле мүмкүн. Бирок, кандай болгон күндө деле добуш теңметең бирдей салмакка ээ болот деген түшүнүк менен албетте ар бир шайлоо округунан бирден добуш ала алат. Ар бир шайлоо округунан шайлоочу бир добуш бере алат. Экинчиден ошол 30 шайлоо участогунан 3 депутат шайланмакчы. Анын бирөөсү сөзсүз түрдө аял киши болот. Ал канчанчы орунда келсе да айырмасы жок, мандат алат. Аялдардын ушундай жол менен катышуусу калуусу, анан кеминде 30 аял кандидат болуп келээри менимче албетте жакшы жышаан. Эми ошого жараша аял кандидат талапкерлердин арасында эң татыктуу, ошол парламенттик ишти, мыйзам чыгаруу ишин, көзөмөлдөө ишин жакшы билген, активдүү, тажрыйбалуу кишилер келсе, менимче өтө жакшы болот. Ар бир шайлоо аймагынан 3 талапкер шайланат дегендиктен, албетте жарыш өтө күчтүү болмокчу. Анткени эгер бир эле мандат берилсе, анда албетте шанс балким азыраак экен деп, көп кишилер катышуудан деле баш тартышмак. Бирок, азыртан эле көрүнүп турат. Өтө көп талапкерлер каттоодон өтүшүүдө. Андыктан жандуу шайлоо өнөктүгү жүрөт. Анан ошол шайлоо компаниясынын бир өзгөчөлүгү, менимче анчейин жакшы эмес жагы, ар бир талапкер ошо өзүнө тиешелүү аймактын гана маселелери менен ошол аймактын гана шайлоочулары менен, ошол аймактын гана мүдөөлөрү менен алпурушуп калат. Өлкөнүн масштабындагы, Кыргызстандын жалпы мамлекет катары алдында турган маселелери боюнча алгылыктуу, туруктуу, маңыздуу жарыш, талкуу менимче орун албай калышы мүмкүн болуп жатат. Албетте, баарыбыз билгендей Жогорку Кеңеш ар бир аймакка тиешелүү институт эмес, ал өлкөнүн эң маанилүү, эң чоң өкүлчүлүк институту. Анан ар бир депутат дагы ал шайланып келгенде баланча жердин же баланча округдун гана депутаты деп эмес, жалпы Кыргыз Республикасынын депутаттары болмокчу. Андыктан ошол шайлоо компаниясынын алдында талапкерлер өлкөнү унутуп коюп, жергиликтүү маселелер менен, жергиликтүү доомат, көйгөйлөр менен гана чектелип калбаса экен деген үмүтүм бар. Экинчи жагынан кайсы бир адамдарга жагымдуу жагы буга чейин, өзгөчө саясий партиялар мамлекет боюнча, өлкө боюнча добушка жарышкан да, андыктан алар жалпы өлкөнүн масштабындагы маселелерди көтөрүп келген болсо, азыр жергиликтүү шайлоочулар менен сүйлөшүп жатканда жашоочулар, шайлоочулар өзүнө тиешелүү жакыныраак болгон, түздөн-түз талкуулай ала турган, чечиш керек болгон маселелерди мүмкүн эффективдүүрөөк түрдө талкуулай алат. Кайсы гана маселе болбосун чечилиши шайлоо өтүп, парламентте каралчу иш. Тилекке каршы айтылган маселелердин бардыгын оңунан чечип кеткенге ресурстар да, мүмкүнчүлүк дагы, саясий кырдаал дагы көбүнчө жол бербей коет. Бирок, кандай болгондо дагы ар бир депутаттын түздөн-түз чектелүү бир шайлоочулардын тобуна байланганы аларга, алардын алдында жоопкерчилик тартат деген күтүү болгону албетте жакшы. Чындап ошол жоопкерчилик жоголбой, беш жыл бою кармалса, анда жакшы. Азыркы чакырылыштын 36 депутаты жергиликтүү бир мандаттуу шайлоо округдарынан келген. Ошолорду эле карап койсок болот. Ошолор өздөрүнүн шайлоочуларынын үнүн жеткире алдыбы, маселелерин чече алдыбы, жок дегенде көтөрө алдыбы? Буга албетте ар биринин шайлоочулары өздөрү жооп бере алат. Ал эми шайлоодон кийин анын жакшы жагын улап, жаман жагын оңдоп кетүү ар биринин алдындагы маселе.

**Жазнура ТОКТОБОЛОТОВА**

МАДАНИЙ ЖАҢЫЛЫК

## ОН ТЕАТР СПЕКТАКЛДЕРДИ АКЫСЫЗ КӨРСӨТӨТ

Маданият, маалымат жана жаштар саясаты министрлиги 2025-жылдын 20–25-октябрь күндөрү Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин 80 жылдыгына, Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу, драматург Мар Байжиевдин 90 жылдыгына карата Бишкек шаарында X эл аралык «ART-ORDO-2025» театр фестивалын өткөрөт.

Ведомствонун маалыматына ылайык, X эл аралык «ART-ORDO-2025» юбилейлик театр фестивалына 10 театр бирден спектакль менен катышат. Фестивалдын максаты жеңишти даңазалоо, Мар Байжиевди эскерүү, кыргыз театр өнөрүн өнүктүрүү жана эл аралык деңгээлге чыгаруу, театрлар ортосунда тажрыйба алмашуу, жаш актёрлорду жана жаңы чыгармачыл күчтөрдү колдоо. Фестивалдын ачылыш аземи 20-октябрь саат 14:00дө, ал эми жабылыш аземи 25-октябрь 17:00дө Т. Абдумомунов атындагы Кыргыз улуттук академиялык драма театрында өткөрүлөт. Спектаклдерге кирүү акысыз.

**Бактыгүл КУЛАТАЕВА**





ОБОЛОГОН ОБОНДОР

# МУЗЫКА ААЛАМЫНЫН ЖАРЫК ЖЫЛДЫЗЫ

**Камчыбек Жусупов деген ысым аталганда кыргыз музыка ааламында өзгөчө бир жарык жылдыз жана калат. Дегеним обологон обон, жанга жагым музыка, сезимдерди козгогон не бир укмуш ааламга жетелеген ыргактар жан дүйнөңдү аралап кетет. Бул белгилүү обончу, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер Камчыбек Жусуповдун мукам обондору.**

Камчыбек ага атайы музыкалык мектепте деле окуган эмес, кыргыз музыка дүйнөсүнө капысынан эле табылып калган, эч бир кошулмасы жок таза алтын (самородок). Өзү эле бала күнүнөн ырга, күүгө ыктап чоңойгон. Көңүлүнө жага калган обонду жата калып тыңшаган, аны ээрчип ичинен кайрып, жаттап, мал жая калганда ээн жерде озондоп ырдаган бала болгон. Нарын шаарындагы М.Рыскулов атындагы музыкалык драма театрына кирип калбаганда, тагдыр аны эмне кесипке ээ кылат эле, ким билет. К. Жусуповдун багы мына ушул кут уялаган театрда ачылды. Жумамүдүн Шералиев, Калыйбек Тагаев өңдүү залкарларга шакирт болуп калды. Эсенбек Мааданбеков менен да үзеңгүлөш, сырдаш-мундаш болуп, устат катары кабыл алды. Алардын жумшаган жагына чуркап турду. Кашкая калма жаркын мүнөзү аларга да жагып, имере тартып, музыканын сырдуу дүйнөсүнө алып кирип кетишти.

Анын Амантур Садыбакасовдун сөзүнө жазылган "Бийикте тоом" деген алгачкы обону, устаттары тарабынан жылуу кабыл алынып, дагы бир мыкты талант келатат деп сүйүнүчү айтып аба жарып оболоп кетти. Эл аралап ырдала баштады. Эл жакшы кабыл алып, кол чабуулар менен коштоло баштаганы өзүнүн да демине дем кошулуп, көңүлүнүн түпкүрүндө бугуп жаткан орошон таланты көбүрүп-жабырып, обондору биринин артынан бири жаралды.

Сөз башында айткандай эч кошулмасы жок, нукура кыргыз жыттанган обондору театрдан театрга, бир ырчынын оозунан экинчи ырчыга ооп, оболоп жаңырып эл аралап кетти. Камчыбек Жусупов деген ысым жыл өткөн сайын таанылып жүрүп отуруп, эл сүйгөнчүлүгүнө айланды. Ал канчалык элге таанылып, канчалык кадыр-барктуу артып турса да, "Мен! Мен!.." деп көкүрөк какпаган, обу жок бой көтөрбөгөн, ар дайым өзүн жупуну алып жүргөн, өзүнөн да өзгөлөрдүн эмгегин жогору баалаган кең пейил адам.

Кыргыз музыка өнөрүнүн дөөшаалары Рыспай Абдыкадыров, Түгөлбай Казаков, Сардарбек Жумалиевдер менен көзмө-көз иштешпесе дагы, ар дайым жандарында жүрбөсө дагы оозунан түшүрбөй айтып,: "мага дем берген, чыгармачылык эргүү берген устаттарым" деп калат.

К.Жусупов кыргыз музыка дүйнөсүнө олуттуу салым кошкон обончулардын сап башында тургандардын бири. Эки жүздөн ашык обондуу ырлардын автору. Бир чыгып анан ошол боюнча уктап калган обондор эмес. Кайра жаңырып, кайра обологон, түгөнгөн сайын түтөгөн деп айтылгандай Ала-Тоону аралап, кадимки Теңир-Тоонун бүркүтүндөй шаңшып турган обондор. Элдик классикага айланган обондор. Демек, Камчыбек аганы композитор деп ооз толтура айтсак да жарашат. Кеп, атайын консерваторияны окуп бүткөнүндө же ар кандай ариялар менен опереттаалары, кантата менен симфонияларды жазганында эмес деп ойлойм. Эң башкысы обондорун жагымдуу, уккулуктуу, элдик болгону менен, көөнөрбөстөн күйүп-жанып турганы менен бааланса керек.

Айталык, Анархан Дөөлөталиеванын сөзүнө жазылган "Өмүрлөш болсом сизге мен", Өмүркул Кулумбаевдин сөзүнө жазылган "Акжолтойлуу келин бол", Токталы Жапаровдун сөзүнө жазылган "Жетпей келем", Гүлжамила Шакированын сөзүнө жазылган "Кошуңуз, агай", Темиш Ниязовдун сөзүнө жазылган "Өтүнүч" ж.б. толгон ырлары башы бошталары менен ырдай алганы да, ырдай албаганы да кошулуп ырдап кете турган элдик ырлар болуп калды. Обончунун бактысы ушул эмеспи.

Обонго ыр тандоо өзүнчө эле чоң жоопкерчилик. Эптеп эле мууундарын туура келтирип, ырдын мазмунуна, маанисине, төп келген-келбегенине, ырдын жарактуу жарактуу-эмесине карабай эле обон жарата койгондор да тилекке каршы жок эмес. Чанжыраган тексттер, чанжыраган обондор эфирди каптап кеткенин да тана албайбыз. Азыркы ырдалып жүргөн эле айрым ырлардын кусуң келе турган тексттер менен коштолуп турганын көпчүлүк деле жакшы билет. Бул жагынан да К.Жусупов ырдын текстерине өтө кылдат мамиле кылганы менен айырмаланат. Маани, маңызы туура келбесе албайт. Көп учурда кесипкөй акындардын тексттерине кайрылат. Алалык, Э.Ибраев, Ж.Садыков, О.Хаям, Б.Абакиров, Ө.Кулумбаев, О.Султанов, К.Артыкбаев, А.Токтомушев жана башкалар.

Ал бир беткей, окшош обон жарата берген обончулардын катарына кирбейт. Анын атайын музыкалык билими жок. Нота билбейт. Андыктан нотаны үйрөнүп алып, бир аз кайрыктарын өзгөртүмүш болуп обон жарата бербейт. Аныкы нукура, ичтен чыккан, уккулуктуу, мукам, кыргыз жыттанган обондор. Тематикасы ар башка. Мекенди, элди сүйүүгө арналган патриоттук ырлары, сүйүү-лирикалык ырлары, балдарга арналган бала кыял ыргактары элдин жүрөгүнөн түнөк тапты.

Дагы бир айырмалуулугу – ырчы-аткаруучу катары да өзүнүн ырларын, өзгөлөрдүн көңүлгө жаккан ырларын ийине жеткире аткара алат. Демек, бул ырларды кайсы ырчы кандай аткара аларын жазбай тааныйт, ошого жараша иш алып барат.

Албетте, анын көп жылдык үзүрлүү эмгеги эл тарабынан, угуучулар, музыка ышкыбоздору, кесиптештери тарабынан жогору бааланды. Өзү сыйлык алат элем деп айрымдарчылап артынан чуркаган киши эмес. Антсе да, эмгегине жараша көптөгөн сыйлыктардын ээси болду. Алсак, райондук, шаардык мамлекеттик администрациялардын Ардак грамоталары, Ат-Башы, Нарын райондорунун, Нарын облусунун Ардактуу атуулу, Эл агартуунун отличниги, "Маданияттын мыкты кызматкери", Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана башкалар.

Кечээ жакында эле Нарын шаардык кеңешинин "Эл сыймыгы" сыйлыгынын ээси болсо, андан көп өтпөй "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер" ардак наамы ыйгарылды. Деген менен анын ырларын сахнага алып чыккан ырчылар эбак мамлекеттик ири сыйлыктарга арзыган учурлары көп. Айталы дегенибиз, "Кыргыз эл артисти" наамы ыйгарылса деле ашыкча болмок эмес.

Эң негизгиси 70тен ашса да кыргыз музыкасын байытууга, кыргыз маданиятын өнүктүрүүгө жигердүү салым кошуп жаткан Камчыбек агабыз дагы деле Ала-Тообузду, керемет кыргыз жерин обологон турган, махабаттын тунуктугу менен бийиктигин даңазалаган, бөбөктөрдүн баео дүйнөсүн байытхан олуттуу обондорду жаратат деген ишенимибиз бекем.

**Курманбек РЫСПАЕВ**

ЭЛ СҮЙГӨН ОБОН

# АЙДОСОВАНЫН МУКАМ КАЙРЫКТАРЫ

***Гүлмира табиятынан оор-басырыктуу, адамдар менен көп деле аралаш-куралашы жок. Отурушларда, той-топо, кечелерде озунуп топту жарып, сөз сурап, "Мен ырдайын! Мен айтайын!" деген көөдөнсөкту мүнөздөн ыраак да, өзүнчө бир кызыктай табышмактуу ааламы бар жан. Сезиминен керемет, ойлуу обондор көз жарып жатса да ар кайсы радио, телевидениелерге, убактылуу басылымдарга чуркап барып, "Мен ырдайын! Мени тарткыла! Мени жазып, обондорумду журтка шардана кылгыла, мени даңазалагыла!" дебейт. Анткен менен чакырган аш-той, маарекелерге айныксыз барып, сурангандарга чын дилинен ырдап бериши эп санайт. Оштогу пединститутта окуп жүргөндө да студенттик ыр кечелерде, "Мен мына мындай обон жаздым, муну кыйраттым, эми тигинткени жатам" деп төш кагып, алдыга суурулуп чыгып, оюн ортого чачып таштап, жан ааламын ачкан эмес. Тек гана унчукпастан коюн дептерине капыстан келген кайрыктарды, обондорду түшүрүп жүрчү. Муну курсташтарынын, курбуларынын бардыгы эле билишчү.***

Нукура таланттын обондорунан, кайрыктарынан анын мүнөзү, руханий акыл-эси, жүрүм-туруму, кала берсе добуш ыргагы менен туташ табияты, талант көрөңгөсү көрүнүп турары анык.

Атасы – үч эмдин узак өмүр сүргөн түгөйү Үсөн чарбада механизатор болуп иштегени менен түпкүлүгүндө ыр-күүгө ынак жан болгон. Жердештеринин, Ноокат райондундагы Жар-Коргон кыштагындагы жакындан билгендердин айтымдарында ал техника башкарбай, маалында музыкалык билим алып, өмүрүн ошол нукка бурганда Жумамүдүн Шералиев, Ырысбай Абдыкадыров, Аксубай Атабаев өңдүү эле чоң обончу болмок экен. Өкүнүчкө карай, тагдыр жазмышы экен, андай болбоптур.

Ал жубайы Турсунай экөөсү тапкан алты кыз, эки уулун алып, Араван районуна пахта терүүчү машина айдаганы көчүп барат.

Атасы башка перзенттеринен күткөн экен да, 7-перзенти Гүлмиранын өнөр адамы болоруна, обон чыгарарына көп деле маани берип, ыкылас койбойт. Аккордеон тартканды башка балдарына көп үйрөтөт. А Гүлмира болсо ошол бир туугандарын карап отуруп өз алдынча үйрөнүп алат. Алты жашында Асанкалый Керимбаевдин "Кара-Көлдүн кыздары" деген обонун үстөлгө отуруп алып аккордеондун коштоосунда куп келиштире ырдай баштайт. Үстөлгө отуруп ырдаганы – аккордеонду көтөрө алчу эмес. Ноокаттын Жийде айылына күйөөгө тийген Салтанат эжеси сиңдисинин талант-шыгын баамдап, аккордеон сатып берет. Ошондон тартып Гүлмиранын сезимине бир кызыктай кайрыктар уруунуп, обон чыгарысы келип, кыялдын кайыгын айдап, далай түндөрдү кем уйку өткөрүп жүрдү.

1984-жылы 6-класста окуп жүргөндө биринчи ирет "Эне мээрими" аттуу ырга (сөзү Тынчтык Курманбековдуку) обон чыгарган. Ошентип, 1970-жылы туулган Гүлмира, 1988-жылы ошол райондогу Жданов атындагы орто мектепти аяктап, пединституттун музыка факультетине окууга кирет. Өзү ошондогу бир экзаменди түк унутпайт.

- Оштун августу аябай ысык болот. Биринчи экзамен музыкадан экен. Эжем ээрчитип барды. Ал сыртта калып, мен ичкери кирип кеттим. Арык, узун бойлуу киши экзамен алып жатыптыр. Телевизордон көрүп жүргөм да, шарт эле тааныдым – Ырысбай Абдыкадыров. Мени ырдатты. "Эне мээримин" ырдап бердим. Жүда-а ынтаа коюп укту. Канча баа койгонун билели деп, бардык абитуриенттер сыртта, далисте (коридор) күтүп турабыз. Бир убакта агай чыгып:

- Айдосова ким? - деди. Мен уялып, коркуп жанына бардым. - Сен начар кыз экенсиң. Сага "2" - деди. Анан көзүмдөн куюла баштаган жашты көрүп: - Азилдейм, кызым. Азамат экенсиң. "5" койдум. Сенден мыкты обончу чыгат. Чыгармачылыкты такыр таштаба! - деп, далымдан таптап туруп басып кетти. Улуу обончунун бул азили, койгон баасы, алкоосу түк эсимден чыгардай эмес-ов!..



Кыргызда кыз-келиндерден чыккан обончулар аз санда экени талашсыз. Айталы, Каныйгүл Досмамбетова, андан кийин Каныкей Эраллиева, Гүлшайыр Садыбакасова, Жамила Муратова, Индира Эшиева. Булар комуздун коштоосунда же эстрадалык багытта обондорду жазышат. А Гүлмира Айдосованын алардан айырмачылыгы, сактанбай эле айтсам, артыкчылыгы – өзү аккордеондо обон чыгарып, өзү ырдагандыгы. Ушерде айрым бир билбегендер үчүн тастыктама иретинде айта кетишим зарыл болууда. Кээ бирөөлөр Алтынай Нарбаева да аккордеондун коштоосунда ырдайт дешет. Туура, ал да аккордеонду өзү тартып ырдайт. Айырмасы – Алтынай обончу эмес, аткаруучу.

Обончунун 30дан ашык обону эл арасында ырдалып жүрөт. Арийне, көп санында эмес, сапатында. Гүлмира Айдосованын улуттук колоритке сугарылган, эч кимдикине окшобогон, бүгүн туулуп, эртең өлө турган жеңил-желпи эмес, салмактуу, ойлуу, кылымдарды кезүүчү обондору кыргыз кыйырын кыдырып, оркестрге салынып, мамлекеттик чоң иш-чараларда да жаңырып келатат. Анын обондору катардагы өнөрпоздордон тартып, Эл ырчы наамындагылардын да көңүлдөрүнүн борборунда.

Сапырып обондорун санабай, үчөө-төртөөсүн эле атасам, сиз "И-и, ооба!... Бул обонду ырдап жүрөбүз. Мыкты обон да!.." деп тамшанарыңызга ишенимим бекем. Алардын айрымдары: "Ошон үчүн адаммын" (Сөзү Э. Ибраевдики), "Жүрөгүмдө орун бирөө", "Ак тилек" (Сөздөрү Н. Алымбековдуку), "Картайбачы, апаке" (Сөзү М.Тиллабаевдики), "Жакшы түшүмдү айтам сага" (Сөзү А. Өмүркановдуку). Көрдүңүзбү, сиз тез-тез эле, көп эле жерлерде угуп жүргөн обондор бекен?!.

Баянымдын башында Гүлмиранын өзүн ашкере көрсөткүсү келбегендигин, токтоолугун, жулунуп-жулкунбагандыгын бекерден айтпадым. Тамак-аштардын падышасы – нан жасалуучу буудай даны канчалык бышкан сайын башын төмөн ийгендей, Гүлмира Айдосова да улам мыкты обондорду жараткан сайын ого бетер инсандык жупунулукту, жоопкерчиликти жогору сезип келатат. Анын ырларын аткарышып "Эл артисти","Эмгек сиңирген артист" наамын алгандардын саны абыгер эле арбын. А жутунбаган Гүлмираны башка жактарды оозанбайлы, маданият жаатын жетектеп келатышкан көзөлдөр алигиче сый-урматка татыктуулугун андаша алышпай келатышат. Абдан жан ачынарлык. Арийне, жеңил-желпи атак, наамдарга азгырылбай, мыкты обондорду жаратып келаткан ал үчүн эмес, талантуу инсанын убагында баалай албагандар, анан жаамы кыргыз калкы үчүн, жан ачыйт десең!..

**Тамара ДОБУЛ кызы,**
**КР улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү**

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ОРТОСУНДАГЫ ТУРУКТУУ КООРДИНАТОРДУН КЕҢСЕСИНЕ, АНЫН ИЧИНДЕ БУЛ КЕҢСЕНИН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТУРУКТУУ КООРДИНАТОРУНА ЖАНА БАШКА МҮЧӨЛӨРҮНӨ КАРАТА ТИЕШЕЛҮҮ ӨЗГӨРТҮҮЛӨР МЕНЕН SBAA (STANDARD BASIC ASSISTANCE AGREEMENT) КОЛДОНУУ ТУУРАЛУУ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУНУН ОРТОСУНДА КАТТАРДЫ АЛМАШУУ ЖОЛУ МЕНЕН ТҮЗҮЛГӨН МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 17-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасы менен Бириккен Улуттар Уюмунун ортосундагы Туруктуу координатордун кеңсесине, анын ичинде бул Кеңсенин Кыргызстандагы Туруктуу координаторуна жана башка мүчөлөрүнө карата тиешелүү өзгөртүүлөр менен SBAA (Standard Basic Assistance Agreement) колдонуу тууралуу Кыргыз Республикасы менен Бириккен Улуттар Уюмунун ортосунда каттарды алмашуу жолу менен түзүлгөн макулдашуу ратификациялансын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына кабарласын.

**3-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-октябры, №209***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О РАТИФИКАЦИИ СОГЛАШЕНИЯ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ОРГАНИЗАЦИЕЙ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ ОТНОСИТЕЛЬНО ПРИМЕНЕНИЯ SBAA (STANDARD BASIC ASSISTANCE AGREEMENT) С СООТВЕТСТВУЮЩИМИ ИЗМЕНЕНИЯМИ К ОФИСУ ПОСТОЯННОГО КООРДИНАТОРА, ВКЛЮЧАЯ ПОСТОЯННОГО КООРДИНАТОРА И ДРУГИХ ЧЛЕНОВ ЭТОГО ОФИСА В КЫРГЫЗСТАНЕ, ЗАКЛЮЧЕННОГО ПУТЕМ ОБМЕНА ПИСЬМАМИ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И ОРГАНИЗАЦИЕЙ ОБЪЕДИНЕННЫХ НАЦИЙ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 17 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Ратифицировать Соглашение между Кыргызской Республикой и Организацией Объединенных Наций относительно применения SBAA (Standard Basic Assistance Agreement) с соответствующими изменениями к Офису Постоянного Координатора, включая Постоянного Координатора и других членов этого Офиса в Кыргызстане, заключенное путем обмена письмами между Кыргызской Республикой и Организацией Объединенных Наций.

**Статья 2**

Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить Генерального Секретаря Организации Объединенных Наций о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Соглашения.

**Статья 3**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 14 октября 2025 года, №209***

## БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 11-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., №5, 398-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

47-березенин 11-пунктунда "жогорку окуу жайларынын" деген сөздөр "башталгыч жана жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

"Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., №7, 715-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

1-березенин 2-бөлүгүнүн үчүнчү абзацында "жогорку окуу жайларына" деген сөздөр "башталгыч жана жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарына" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3-берене**

"Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ("Эркин-Тоо" гезити, 2023-жылдын 18-августу, №66) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 9-березенин 4-бөлүгүндө "кесиптик жогорку билим берүү" деген сөздөр "башталгыч жана жогорку кесиптик билим берүү" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 22-березенин 5 жана 7-бөлүктөрү "адистештирилген мамлекеттик билим берүү уюмдарынын" деген сөздөрдөн кийин "жана өзгөчө статуска ээ болгон жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын" деген сөздөр менен толукталсын;

3) 47-березенин 2-бөлүгүндө "кесиптик жогорку билим берүүнүн" деген сөздөр "башталгыч жана жогорку кесиптик билим берүүнүн" деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 57-березенин 5-бөлүгүнүн үчүнчү абзацында "кесиптик жогорку билим берүүнүн" деген сөздөр "башталгыч жана жогорку кесиптик билим берүүнүн" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**4-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети үч айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-октябры, №210***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В СФЕРЕ ОБРАЗОВАНИЯ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 11 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Бюджетный кодекс Кыргызской Республики (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2016 г., №5, ст. 398) следующее изменение:

в пункте 11 статьи 47 слова «высших учебных заведений» заменить словами «образовательных организаций начального и высшего профессионального образования».

**Статья 2**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О государственных и муниципальных услугах» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2014 г., №7, ст. 676) следующее изменение:

в абзаце третьем части 2 статьи 1 слова «высшие учебные заведения» заменить словами «образовательные организации начального и высшего профессионального образования».

**Статья 3**

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об образовании» (газета «Эркин-Тоо» от 18 августа 2023 года №66) следующие изменения:

1) в части 4 статьи 9 слова «высшего профессионального образования» заменить словами «начального и высшего профессионального образования»;

2) части 5 и 7 статьи 22 после слов «обеспечения национальной безопасности» дополнить словами «и государственных образовательных организаций высшего профессионального образования, обладающих особым статусом,»;

3) в части 2 статьи 47 слова «высшего профессионального образования» заменить словами «начального и высшего профессионального образования»;

4) в абзаце третьем части 5 статьи 57 слова «высшего профессионального образования» заменить словами «начального и высшего профессионального образования».

**Статья 4**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Кабинету Министров Кыргызской Республики в трехмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 14 октября 2025 года, №210***

## "ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ('Эркин-Тоо" гезити, 2021-жылдын 22-октябры, №109) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

52-березенин 3-бөлүгүнүн 3-пункту күчүн жоготту деп таанылсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-октябры, №211***

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЯ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О МЕСТНОЙ ГОСУДАРСТВЕННОЙ АДМИНИСТРАЦИИ И ОРГАНАХ МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ»

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О местной государственной администрации и органах местного самоуправления» (газета «Эркин-Тоо» от 22 октября 2021 года №109) следующее изменение:

пункт 3 части 3 статьи 52 признать утратившим силу.

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 14 октября 2025 года, №211***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН АЛАЙ РАЙОНУНУН ГҮЛЧӨ АЙЫЛ АЙМАГЫН РАЙОНДУК МААНИДЕГИ ШААР КАТЕГОРИЯСЫНА КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 25-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Алай районунун Гүлчө айыл аймагы райондук маанидеги шаар категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Алай районунун Гүлчө шаары деп аталсын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Алай районунун Гүлчө шаарынын чек арасынын баяндалышы тиркемеге ылайык бекитилсин.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-октябры, №212***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### ОБ ОТНЕСЕНИИ АЙЫЛНОГО АЙМАКА ГУЛЬЧО АЛАЙСКОГО РАЙОНА ОШСКОЙ ОБЛАСТИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ К КАТЕГОРИИ ГОРОДА РАЙОННОГО ЗНАЧЕНИЯ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 25 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Отнести айылный аймак Гульчо Алайского района Ошской области Кыргызской Республики к категории города районного значения и именовать его городом Гульчо Алайского района Ошской области Кыргызской Республики.
**Статья 2**
Утвердить описание границы города Гульчо Алайского района Ошской области Кыргызской Республики согласно приложению.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 14 октября 2025 года, №212***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН АТОМ ЭНЕРГИЯСЫ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК АГЕНТТИКТИН ОРТОСУНДАГЫ ЯДРОЛУК КУРАЛДЫ ЖАЙЫЛТПОО ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМГЕ БАЙЛАНЫШТУУ КЕПИЛДИКТЕРДИ КОЛДОНУУ ТУУРАЛУУ МАКУЛДАШУУГА КАРАТА ЖАҢЫЛАНГАН ПРОТОКОЛДУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 17-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**
Кыргыз Республикасы менен Атом энергиясы боюнча эл аралык агенттиктин ортосундагы Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндө келишимге байланыштуу кепилдиктерди колдонуу тууралуу макулдашууга карата жаңыланган Протокол ратификациялансын.
**2-берене**
Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболор Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылгандыгы жөнүндө Атом энергиясы боюнча эл аралык агенттикке белгиленген тартипте кабарласын.
**3-берене**
Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-октябры, №213***

## ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

### О РАТИФИКАЦИИ ОБНОВЛЕННОГО ПРОТОКОЛА К СОГЛАШЕНИЮ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И МЕЖДУНАРОДНЫМ АГЕНТСТВОМ ПО АТОМНОЙ ЭНЕРГИИ О ПРИМЕНЕНИИ ГАРАНТИЙ В СВЯЗИ С ДОГОВОРОМ О НЕРАСПРОСТРАНЕНИИ ЯДЕРНОГО ОРУЖИЯ

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 17 сентября 2025 года*

**Статья 1**
Ратифицировать обновленный Протокол к Соглашению между Кыргызской Республикой и Международным агентством по атомной энергии о применении гарантий в связи с Договором о нераспространении ядерного оружия.
**Статья 2**
Министерству иностранных дел Кыргызской Республики уведомить в установленном порядке Международное агентство по атомной энергии о выполнении Кыргызской Республикой внутригосударственных процедур, необходимых для вступления в силу вышеуказанного Протокола.
**Статья 3**
Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **С.ЖАПАРОВ**

***г. Бишкек, 14 октября 2025 года, №213***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 11-МАРТЫНДАГЫ №131 “КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНИН 289, 297, 298 ЖАНА 299-БЕРЕНЕЛЕРИНИН ТАЛАПТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ” ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Жеке колдонуу үчүн жеке жактар, коммерциялык эмес уюмдар жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси тарабынан адистештирилген товарларды ташып кирүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү аркылуу майыптыгы бар адамдарды колдоо максатында, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 11-мартындагы №131 “Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 289, 297, 298 жана 299-беренелеринин талаптарын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) аталышындагы жана преамбуладагы “289” деген цифралар “268, 289” деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) төмөнкүдөй мазмундагы $1^1$, $1^2$-пункттар менен толукталсын:

“$1^1$. Төмөнкүлөр белгиленсин:

1) Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги майыптыгы бар адамдар үчүн адистештирилген товарлардын тизмесин аныктоочу, ошондой эле КНС төлөөдөн бошотулган майыптыгы бар адамдар үчүн импорттолуучу адистештирилген товарлар боюнча кайрылууларды каттоо, жазуу жүзүндөгү ырастамаларды берүү жана эсепке алуу тартибин бекитүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп эсептелет;

2) ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан 2022–2024-жылдары берилген жазуу жүзүндөгү ырастамалар майыптыгы бар адамдар үчүн адистештирилген товарлардын тизмесинде көрсөтүлгөн Евразия экономикалык бирлигинин Тышкы экономикалык иштин товардык номенклатурасы боюнча товардын кодуна жана товардын аталышына шайкеш келген шартта жарактуу деп таанылат;

3) товарларды багыты боюнча пайдаланбоо салык мыйзамдарында белгиленген тартипте салыктын суммасын кошумча эсептөө менен берилген салыктык жеңилдиктерди жокко чыгарууга алып келет;

4) ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ташып келинген товарларды максаттуу пайдаланууну алар таризделген күндөн тартып эки жыл бою контролдойт.

$1^2$. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик бажы кызматы:

1) бажылык тариздөөнү жүргүзүүдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген тартипте таризделген жазуу жүзүндөгү ырастама болгондо гана КНС төлөөдөн бошотууну колдонсун;

2) товар ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тиешелүү ырастамасы жок, анын багытын так белгилөөгө мүмкүн болбогон бөлүктөр, элементтер же комплектөөчүлөр түрүндө берилген учурда КНС төлөөдөн бошотууну колдонбосун.”;

3) жогоруда аталган токтомдун 5-тиркемеси ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын.

**2.** Бул токтом 2022-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирүүчү ушул токтомдун 1-пунктунун 2-пунктчасынын төртүнчү абзацын кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 14-октябры, №664***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОШ ОБЛУСУНУН АРАВАН РАЙОНУНУН КЕРМЕ-ТОО АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН ЖЕР ТИЛКЕСИН “АЙЫЛ ЧАРБА БАГЫТЫНДАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНАН “ӨНӨР ЖАЙДЫН, ТРАНСПОРТТУН, БАЙЛАНЫШТЫН, ЭНЕРГЕТИКАНЫН, КОРГООНУН ЖЕРЛЕРИ ЖАНА БАШКА БАГЫТТАГЫ ЖЕРЛЕР” КАТЕГОРИЯСЫНА КОТОРУУ (ТРАНСФОРМАЦИЯЛОО) ЖӨНҮНДӨ

### КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Араван районунун Керме-Тоо айыл аймагында өнөр жай ишканаларын куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 15-сентябрындагы №01-39/3445 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Араван районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 9-сентябрындагы №01-13/60 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Араван районунун Керме-Тоо айыл аймагында жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган, №9 (33,62 га), №10 (3,16 га), №11 (1,19 га) контурлардагы жалпы аянты 37,97 га кысыр аңыз жер тилкеси өнөр жай ишканаларын куруу үчүн “Айыл чарба багытындагы жерлер” категориясынан “Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Араван районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесине шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, ошондой эле “Автомобиль жолдору жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

3) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

4) санитардык-эпидемиологиялык эрежелердин жана ченемдердин талаптарын сактоону;

5) чарбалык жана башка ишти жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык экологиялык талаптарды аткарууну;

6) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тиешелүү аймакта кооптуу процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, болжолдоо боюнча колдонмону сактоону;

7) бул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкеси пайдаланылбаган же максаттуу багыты боюнча пайдаланылбаган учурда, аларды алып коюуну жана баштапкы абалга келтирүүнү караган чараларды көрүүнү;

8) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда алардын Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык сакталышын;

9) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-октябры, №665***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УКУК БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНЕ, "ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

## МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 11-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

### 1-берене

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине ("Эркин-Тоо" гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122-133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 33-березенин 1-бөлүгүнүн биринчи абзацында "жети" деген сөз "он төрт" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 34-березенин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $5^2$-пункт менен толукталсын:

"$5^2$) электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салуулар жана (же) чектөөлөр;";

3) төмөнкүдөй мазмундагы $39^2$-берене менен толукталсын:

"$39^2$-берене. Электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салуулар жана (же) чектөөлөр

1. Электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салуулар жана (же) чектөөлөр ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн беренелеринде каралган учурларда үй-бүлөлүк зомбулук менен байланышкан укук бузууларды жасагандыгы үчүн колдонулат.

2. Электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салуулар жана (же) чектөөлөр сот тарабынан 3 айга чейинки мөөнөткө дайындалат.

3. Ушул березенин 1-бөлүгүндө каралган учурларда сот төмөнкүдөй тыюу салууларды жана чектөөлөрдү дайындоого укуктуу:

1) жабырлануучу менен түз байланышууларга тыюу салуу;

2) куугунтуктоого тыюу салуу;

3) ок атуучу, пневматикалык жана газ куралын сактоого жана (же) колдонууга тыюу салуу, ал эми курал бар болгондо ыйгарым укуктуу органдар тарабынан убактылуу алып коюу;

4) белгилүү бир аймактарда жайгашкан жери боюнча чектөө;

5) курмандыктын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча башка чектөөлөр.

4. Тыюу салуулар жана чектөөлөр, жабырлануучунун укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо же анын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунучтун алдын алуу үчүн зарыл болгон учурларды кошпогондо, жабырлануучу менен макулдашуу боюнча дайындалат.";

4) 70-беренеде:

а) биринчи абзац "дене-бойлук зомбулук кылуу менен коркутуу," деген сөздөрдөн кийин "куугунтуктоо," деген сөз менен толукталсын;

б) төмөнкүдөй мазмундагы эскертүү менен толукталсын:

**"Эскертүү.** Куугунтуктоо - адамдын эркине каршы ага багытталган, анда өз коопсуздугу үчүн коркунуч жараткан, куугунтук жасаган адам менен ал бөлөк жашаган учурда түз же кыйыр байланышууларды, иштеген, окуган, турган, жашаган жерлерине барып турууну демилгелөө аркылуу билдирилүүчү атайылап жасалган жүрүм-турум.";

5) 71-березенин экинчи абзацында "үчтөн жети суткага чейин" деген сөздөр "жетиден он төрт суткага чейин" деген сөздөргө алмаштырылсын;

6) 72-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"72-берене. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын оңдоп-түзөөчү программадан өтүүдөн, электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салууларды жана (же) чектөөлөрдү аткаруудан баш тартуусу

Үй-бүлөлүк зомбулук менен байланышкан укук бузууну жасаган адамдын оңдоп-түзөөчү программадан өтүүдөн же болбосо ушул Кодексте белгиленген электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салуулардан жана (же) чектөөлөрдөн баш тартуусу -

40 саатка коомдук жумуштарга тартууга же болбосо жетиден он төрт суткага чейин камакка алууну колдонууга алып келет.";

7) төмөнкүдөй мазмундагы $572^2$-берене менен толукталсын:

"$572^2$-берене. Электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салууларды жана (же) чектөөлөрдү аткаруунун тартиби жана мөөнөттөрү

1. Сот тарабынан дайындалган электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салуулар жана (же) чектөөлөр юстиция чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан аткарылат.

2. Электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салуулар жана (же) чектөөлөр дайындалган адам белгиленген тыюу салуулардын жана (же) чектөөлөрдүн талаптарын аткарууга милдеттүү.

3. Электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салуулар жана (же) чектөөлөр дайындалган адамды контролдоо ички иштер органдарына жүктөлөт.

4. Белгиленген электрондук байкоо жүргүзүү менен тыюу салууларды жана (же) чектөөлөрдү аткаруудан баш тарткан адам ушул Кодекске ылайык жоопкерчиликке тартылат.

5. Электрондук байкоо жүргүзүүнүн тартиби жана шарттары, ошондой эле контролдоонун электрондук жана башка техникалык каражаттарын колдонуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.".

### 2-берене

"Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №4, 290-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 10-березенин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$-пункт менен толукталсын:

"$3^1$) үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө ар бир билдирүү боюнча тобокелдиктерге баа берет;";

2) 29-березенин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы $3^1$ жана $3^2$-пункттар менен толукталсын:

"$3^1$) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын техникалык каражаттарды колдонуу менен убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоону камсыз кылуу боюнча чараларды аткаруу милдетин;

$3^2$) ок атуучу, пневматикалык жана газ куралын сактоого жана (же) колдонууга тыюу салуу, ал эми курал бар болгондо ыйгарым укуктуу органдар тарабынан убактылуу алып коюу;";

3) төмөнкүдөй мазмундагы $29^1$-берене менен толукталсын:

"$29^1$-берене. Техникалык каражаттарды колдонуу менен убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоону камсыз кылуу боюнча чаралар

1. Техникалык каражаттарды колдонуу менен убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоону камсыз кылуу боюнча чаралар - электрондук жана башка техникалык каражаттарды колдонуу менен убактылуу коргоо ордери берилген адам тарабынан ага карата белгиленген тыюу салуулардын жана (же) чектөөлөрдүн сакталышын камсыз кылуу максатында анын жүргөн жерин аралыктан контролдоо жана изилдөө.

2. Техникалык каражаттарды колдонуу менен убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоону камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү жөнүндө чечим тиешелүү ички иштер органы тарабынан тобокелдиктерге баа берүү протоколунун негизинде кабыл алынат.

Техникалык каражаттарды колдонуу менен убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоону камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү жөнүндө чечимде аларды аткаруунун шарттары (ал чегинен чыгып кете албаган же ал жүрө албаган аймак, ага карата белгиленген тыюу салуулар жана (же) чектөөлөр) көрсөтүлөт, ошондой эле белгиленген чектөөлөрдүн сакталышын контролдоону жүзөгө ашыруу жүктөлгөн орган жана (же) кызмат адамы көрсөтүлөт.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдан техникалык каражаттарды колдонуу менен убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоону камсыз кылуу боюнча чара көргөн органдын уруксатысыз тиешелүү аймактан чыгып кетпөө, белгиленген тыюу салууларды жана (же) чектөөлөрдү сактоо милдеттенмеси жазуу жүзүндө алынат.

3. Техникалык каражаттарды колдонуу менен убактылуу коргоо ордеринин шарттарынын аткарылышын контролдоону камсыз кылуу боюнча чараларды аткаруунун шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.".

### 3-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖАПАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 15-октябры, №214***

## ЗАКОН

КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В КОДЕКС КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ О ПРАВОНАРУШЕНИЯХ, ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ ОХРАНЕ И ЗАЩИТЕ ОТ СЕМЕЙНОГО НАСИЛИЯ»)

*Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 11 сентября 2025 года*

### Статья 1

Внести в Кодекс Кыргызской Республики о правонарушениях (газета «Эркин-Тоо» от 16 ноября 2021 года №122-133) следующие изменения:

1) в абзаце первом части 1 статьи 33 слово «семи» заменить словом «четырнадцати»;

2) часть 2 статьи 34 дополнить пунктом $5^2$ следующего содержания:

«$5^2$) запреты и (или) ограничения с электронным наблюдением;»;

3) дополнить статьей $39^2$ следующего содержания:

«Статья $39^2$. Запреты и (или) ограничения с электронным наблюдением

1. Запреты и (или) ограничения с электронным наблюдением применяются за совершение правонарушений, связанных с семейным насилием в случаях, предусмотренных статьями Особенной части настоящего Кодекса.

2. Запреты и (или) ограничения с электронным наблюдением назначаются судом на срок до 3 месяцев.

3. В случаях, предусмотренных частью 1 настоящей статьи, суд вправе назначить следующие запреты и ограничения:

1) запрет на прямые контакты с потерпевшим;

2) запрет на преследование;

3) запрет на хранение и (или) использование огнестрельного, пневматического и газового оружия, а при его наличии - временное изъятие уполномоченными органами;

4) ограничение по местонахождению на определенных территориях;

5) иные ограничения по обеспечению безопасности жертвы.

4. Запреты и ограничения назначаются по согласованию с потерпевшим, за исключением случаев, когда это необходимо для защиты прав и законных интересов потерпевшего или предотвращения угрозы его жизни и здоровью.»;

4) в статье 70:

а) абзац первый после слов «физическим насилием,» дополнить словом «преследование,»;

6) дополнить примечанием следующего содержания:

**«Примечание.** Преследование - умышленное поведение, направленное на лицо против его воли, вызывающее у него страх за свою безопасность, выражающееся в инициировании прямых или косвенных контактов, посещении места работы, учебы, пребывания, проживания в случае его раздельного проживания с лицом, совершающим преследование.»;

5) в абзаце втором статьи 71 слова «от трех до семи» заменить словами «от семи до четырнадцати»;

6) статью 72 изложить в следующей редакции:

«Статья 72. Уклонение лица, совершившего семейное насилие, от прохождения коррекционной программы, выполнения запретов и (или) ограничений с электронным наблюдением

Уклонение лица, совершившего правонарушение, связанное с семейным насилием, от прохождения коррекционной программы либо выполнения установленных настоящим Кодексом запретов и (или) ограничений с электронным наблюдением -

влечет привлечение к общественным работам на 40 часов либо применение ареста от семи до четырнадцати суток.»;

7) дополнить статьей $572^2$ следующего содержания:

«Статья $572^2$. Порядок и сроки исполнения запретов и (или) ограничений с электронным наблюдением

1. Назначенные судом запреты и (или) ограничения с электронным наблюдением приводятся в исполнение уполномоченными государственными органами в сфере юстиции.

2. Лицо, в отношении которого назначены запреты и (или) ограничения с электронным наблюдением, обязано выполнять требования установленных запретов и (или) ограничений.

3. Контроль за лицом, в отношении которого были назначены запреты и (или) ограничения с электронным наблюдением, возлагается на органы внутренних дел.

4. Лицо, уклоняющееся от выполнения установленных запретов и (или) ограничений с электронным наблюдением, привлекается к ответственности в соответствии с настоящим Кодексом.

5. Порядок и условия электронного наблюдения, а также порядок использования электронных и иных технических средств контроля определяются Кабинетом Министров Кыргызской Республики.».

### Статья 2

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об охране и защите от семейного насилия» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №4, ст. 290) следующие изменения:

1) часть 2 статьи 10 дополнить пунктом $3^1$ следующего содержания:

«$3^1$) проводят оценку рисков по каждому уведомлению о семейном насилии;»;

2) часть 1 статьи 29 дополнить пунктами $3^1$ и $3^2$ следующего содержания:

«$3^1$) обязанность лица, совершившего семейное насилие, исполнять меры по обеспечению контроля за исполнением условий временного охранного ордера с использованием технических средств;

$3^2$) запрет на хранение и (или) использование огнестрельного, пневматического и газового оружия, а при его наличии - временное изъятие уполномоченными органами;»;

3) дополнить статьей $29^1$ следующего содержания:

«Статья. $29^1$. Меры по обеспечению контроля за исполнением условий временного охранного ордера с использованием технических средств

